***DOI:10.26104/NNTIK.2023.53.49.066***

*Кошматова Ж.Ж.*

# МУГАЛИМДИН БААРЛАШУУ МАДАНИЯТЫ ЖАНА СӨЗ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ОКУУЧУЛАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Кошматова Ж.Ж.*

# КУЛЬТУРА ОБЩЕНИЯ УЧИТЕЛЯ И ВЛИЯНИЕ ФИЛОСОФИИ СЛОВА НА УЧАЩИХСЯ

*Zh. Koshmanova*

# THE TEACHER'S COMMUNICATION CULTURE AND THE INFLUENCE OF THE PHILOSOPHY OF THE WORD ON STUDENTS

*УДК: 37.032/101.801*

*Бул макалада мугалимдин баарлашуу маданияты, анын мектепте окуучуларга билим жана тарбия берүүдөгү орду сыяктуу маселелер териштирилди. Чындыгында, билим жана тария берүү ишинде мугалимдин кеп маданияты жана сөзү өтө чоң мааниге ээ. Турмушта кандай гана иш-аракет болбосун, пикир алмашуусуз ишке ашпайт. Андыктан мамиле кылууда кеп маданияты мааниге ээ. Окуучу менен мугалимдин иш жараянында мугалимдин кеп маданияты жеткиликтүү, жалпыга жатык, орток жана көркөм болуусу абзел. Окуучу өз оюн эркин айта билүүсү үчүн мугалим ортодогу мамилелешүүнү эркин формасын уюштура билүүсү керек. Ар дайым мугалим сабакта сөз философиясынын жардамы менен өз оюн эркин жеткире билүүгө үйрөтүүгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *кеп маданияты, баарлашуу, окуучу, мугалим, мектеп жаш курагы, сөз философиясы, эркин, көркөм, окуу жараяны, акыл, ой, кабыл алуу, жаш өзгочөлүк.*

*В этой статье исследуются такие вопросы, как культура общения учителя, его место в обучении и обучении учеников в школе. Действительно, культура речи и слова учителя имеют огромное значение в работе по передаче знаний и истории. Любое действие в жизни не может быть выполнено без обмена идеями. Поэтому культура речи имеет значение при обращении. В процессе работы ученика и учителя культура речи учителя должна быть доступной, общедоступной, общей и художественной. Учитель должен уметь организовать свободную форму общения между ними, чтобы ученик мог свободно выражать свои мысли. Всегда можно научить учителя свободно выражать свои мысли в классе с помощью философии слова*

***Ключевые слова:*** *культура речи, общение, ученик, учитель, школьный возраст, философия слова, свобода, искусство, процесс обучения, разум, мысль, принятие, возрастная характеристика.*

*This article explores such issues as the teacher's communication culture, his place in teaching and teaching students at school. Indeed, the culture of speech and the words of the teacher are of great importance in the work on the transfer of knowledge and history. Any action in life cannot be performed without an exchange of ideas. Therefore, the culture of speech is important when addressing. During the work of the student and the teacher, the teacher's speech culture should be accessible, publicly accessible, general and artistic. The teacher should be able to organize a free form of communication between them so that the student can freely express his thoughts. It is always possible to teach a teacher to express his thoughts freely in class with the help of the philosophy of the word.*

***Key words:*** *speech culture, communication, student, teacher, school age, philosophy of speech, freedom, art, learning process, mind, thought, acceptance, age characteristic.*

Коомдо адамзаттын турмушун пикир алмашуусуз элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми ошол пикир алышуу кайсы бир эрежелердин, жалпыга бирдиктүү болгон жалпылык, жекеликтерге ээ болуу керек. Ар бир адам өз оюн экинчи тарапка билдирүү аркылуу өзүнүн ички каалоосун аткаруу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошентсе да баарлашуу учурунда сүйлөөчү белгилүү бир тартип, эрежелерди сактоосу максатка ылайык болот. Эгер ар бир инсан айтуучу оюн, көз карашын, баасын каалагандай форматта, каалагандай маанайда, каалагандай мүнөздө билдире берсе, анда пикир алышуу ишинде бир топ ыңгайсыздыктар, пикир келишпестиктер, түшүнбөстүктөр жаралмак. Ар бирибиз кайсы бир деңгээлде жалпы эрежелерди сактоо менен сүйлөшүү ишмердигин жүргүзөбүз. Бул кезегинде баарлашуу маданиятын калыптантат.

Кеп маданияты аталышы өзү бир топ мааниге ээ. “Кеп маданияты – филология илиминин бир бөлүгү катары адамдардын ортосундагы карым-катнаштын негизги каражаты болгон тилди илимий жагдайда пайдаланууну, ойду берүүнүн куралы катары белгилүү мезгилдеги, коомдук турмуштагы кептик кубулушту изилдейт деп” - деп кеп маданиятын алгачкы иликтөөчүлөр Д.Э.Розенталь, М.А. Теленкова туура белгилешет. Кеп маданияты дегенибиз – адабий тилдин нормасында сүйлөө, анын эрежелерин сактоо болуп саналат. Ушул кырдаалдан улам кептин туура же туура эместиги анын талаптарынын так аткарылышынан келип чыгат. Кеп маданияты – бул адабий тилдин нормасында угуучуга, публикага так, даана, көркөм таасирдүү сүйлөө дегенди түшүндүрөт [1].

Демек баарлашуу учурунда кептик да, турмуштук да эрежелерди сактоо кептин нормаларын сактагандык дегенди төгүндөйт. Анткени коомдо ар бир тармактын өзүнүн этикети, эрежелери бар. Жадакалса күнүмдүк турмуш-тиричиликтин да өзүнө тиешелүү маданияты бар. Айталы, саламдашуу, алик алуу, алакыбал сурашуу ж.б. иш-аракеттер сөзсүз эки тарапатуу аткарылат, б.а. адам баласы жогорудагы кыймыларкеттин бирөөсүн аткаруу менен кайсы бир денгээлде экинчи тараптын пикири эске алат, анын көз карашы менен эсептешет. Мына ушундай тартипте пикир

алмашуу өнүгүп отуруп, ортодогу баарлашуу маданиятын жаратат. Жогоруда айтылгандардын баары сөз аркылуу ишке ашырылат, тагыраагы эгер сөз болбосо, анда кеп маданияты эмес, дегеле пикир алышуунун болушу мүмкүн эмес. Мындан сөз табиятын терең изилдөө түшүнүгү келип чыгат. Албетте, адам төрөлгөн күндөн тартып эле сөз кураштыруу, сүйлөө манераларына ээ боло албайт. Бул адамзат жашоосунун мыйзам ченемдүү кубулушу. Ушул жаатан алганда сөз кубулуш татаал категориялардан. Анын маңызында адамдардын пикир алышуусу, өз оюн билдирүүсү, сүйлөй алуусу ж.б.у.с. физиологиялык да, инсандык да сапаттары жатат. Мына ушундан сөз философиясы келип чыгат. Сөз өнөрүнүн табияты татаал кубулуш. Себеби, коомдо адамдардын кээ бирөөлөрү өз оюн так-таамай, элестүү, образдуу, көркөм, бай тилдик каражаттар, таасирдүү сөздөр менен куюлуштуруп, белгилүү ыргак, уйкаштык менен куюлуштуруп сүйлөсө, экинчилери болсо тескерисинче өз оюн, пикирин жеткире албай кыйналат. Ошодон да элибизде чечендер, сөзмөрлөр, сөз өнөрүн баккандар, сөзгө сөмтүк, кепке кемтик, бир сөздүн башын бир сөзгө кураштыра албагандар ж.б.у.с. деген түшүнүктөр жашайт. “Сөз – адамдын эмоциясынын барометри. Кандай гана кыял-жоругу турдүү адамдын эмоциясын сөз гана билдирет, болгондо да, анын ким жана кандай адам экенин, учурдагы көңүл маанайын, кылган-эткенин, үндөгөн-сүйлөгөнүн, ойлоп-кыялданганын, кайгы-кубанычын, кокөлөп-чөккөнүн, сүйүүсү менен жек көрүүсүн, деги койчу, баарын таасын билдирип жана көркүнө чыгара алган бир жандуу каражат – бул, жандуу сөз” [5]. Демек, сөз менен окуучуларга ар тараптуу билим берүүгө толугу менен болот. Зарыл десек дагы да тууралаак болот. Анткени ар бир ой сөз аркылуу ишке ашат.

Адамзат тарыхында пикир алышуу маданияты тээ байыртадан бери эле келе жаткан коомдук кубулуштардан экени талашсыз. Ушул жааттан караганда мугалимдин кеп маданияты да узак убакытты өз ичине камтыйт. “Мугалимдин сөзү – окуучулардын ички дүйнөсүнө таасир этүүчү алмаштыргыс инструменти. Тарбиялоо исскуствосу адам баласынын кайрылууда, эң биринчи сүйлөө искусствосуна таянат” деп белгилүү педагог В.А. Сухомлинский таамай көрсөткөн [1]. Чындыгында мугалим коомдун кузгүсү. Мугалимдин сабаттуу жана маданияттуу болуусу заман талабы. Акыркы жылдары ар бир ата-эне баласынын билимдүү жана тарбиялуу болуусуна кам көрө баштаганын байкоого болот. Бул да болсо коомдун талабы. Негизи мугалим – заман талабына ылайык, компетентүү, ар тараптуу өнүккөн, өз кесибин жана окуучуну чын жүрөгү менен сүйгөн адис болуусу керек. Окуучуларды жүрөгү менен кабыл алган мугалим гана өз кесибин сыйлай алат. Бул кезегинде окуучуларга мыкты жана натыйжалуу билим берүүдө чоң мааниге ээ. Баарыбызга белгилүү болгондой, жакшы сөз жан эргитет. Адам кайсы гана куракта болбосун, жакшы сөз, жакшы маанай, көңүл буруугу муктаж. Бул руханий зарылчылык. Ал эми мектеп окуучулары жакшы сөз, жылуу мамиле сыяктуу адамдык сапаттарга муктаждык жогору болот. Анткени бардык эле окуучу үй-бүлөдөн керектүү мээрим, керектүү көңүл бурууну көрө бере бербейт. Мындай кырдаалды мугалим сезе билүүсү шарт. Мектепте окуучуларга туура билим жана тарбия берүү сөз аркылуу ишке ашат. Кандай шартта, кандай кырдаалда болбосун мугалим менен окуучунун баарлашуусу эркин жана жагымдуу маанайда болуусу керек. Чыныгы педагогдун жанында окуучу өзүн эркин жана керектүү адамы катары сезүүсү абдан маанилүү. Анткени качан окуучуда мугалимге карата ишеним жана сүйүү болгондо гана ачык суйлөшүүгө барат. Бул билим жана тарбия берүү жараянында мугалим үчүн өтө керек категориялардан. Себеби окуучу менен мугалим бир ыргакта, бир тондо же бир толкунда болгондо гана берүүчү билими жана тарбиясы максатына жетет. Мугалим канчалык мыкты билим билгичтиктерге ээ болбосун, ал окуучунун тилин билбегенден кийин тиешелүү натыйжаларга жетиши кыйын болот. Ошондуктан мугалимдик чеберчиликте окуучу менен сүйлөшүү маданияты өтө мааниге ээ. Негизи окуучулардын психологиясында бала кичинекейинен тартып эле мактоо сөздөрүнө муктаж болушат. Ушундай шартты эске албаганда деле, окуучу үчүн мактоо, ишеним көрсөткөн жылуу, алкоо, ыраазычылык айтуу сыяктуу сөздөр абдан чоң мааниге ээ. Окуучунун ички талантын ойготууда мугалимдин кебинин мааниси зор. Анын эч кимге, кээде ата-энесине да айтпаган терең катылган сырларын, талантарын, билимдерин таап чыгууда мугалимдин кеп ишмердүлүгү эбегейсиз күчкө ээ. Андыктан, ар бир мугалим окуучулар менен баарлашуу маданиятында ар бир окуучунун ички аң-сезимине, табиятына жараша дыкаттык менен мамиле куруусу талап кылынат. Мындай билим-билгичтиктерге мугалим бир эле мезгилде мыкты адис, ошол эле учурда психолог, филолог же тилге чечен (оратор) болуу аркылуу жетише алат. Окуучулар ар дайым мугалимден жылуу сөздү күтүшөт, болгону ушул учурду мугалим сезип, кайсы учурда окуучуга кантип суйлөштү билүүсү. Башкача айтканда, ар бир окуучунун тилин билүүсү шарт. Эгер мугалим менен окуучунун тили бир ыргакта ишке ашпаса, мыкты жетишкендиктерди күтпөй койгону дурус. Ар бир окуучу мугалимдин астында өзүн эркин жана комфортто сезүүсү зарыл. Бул бала үчүн өтө маанилүү. Анткени мугалим окуучуга ошондой жагымдуу атмосфера түзүп бере алганда гана, ал өз оюн эркин айта алат. Айрыкча, окуучуларды “Азаматсың, сенин колуңдан келет, мен сага ишенемин, сен менин сүйүктүү окуучумсун, күндөн-күнгө жакшы окуп баратасың, келечекте сенден мыкты инсан чыгат, сенин күчтүү экениңди сезип турам, ар дайым сенден жак-

шы ой чыгат, ушул жылга чейинки иш тажрыйбамда сендей мыкты окуучу көрө элек болчумун, сага мугалим болгонум кандай бакыт” деген сыяктуу сөздөрдү айтуу сунушталат. Жогорку аталган тилдик сүйлөм-көнүгүүлөрдү күн бою айтуу менен мугалим ошол класстагы түнт, өз оюн айта албаган окуучуларды пикирин айтууга, ал эми класстагы активдүү балдарды дагы да билимге умтулгандыгын байкай алат.

Жыйынтыктап айтканда, балдарга туура билим жана тарбия берүү жараянында мугалимдин кеби, анын баарлашуу маданияты, сөз ылгай билүү же кырдаалга жараша кептик материалдарды шартка жараша колдоно билүүсү эң негизги каражаттардан.

**Адабияттар:**


1. Аширбаев Т., Айтманбетов А. Кеп маданияты. - Бишкек, 2004. - 76 б.
2. Головин Б. Н. Как говорить правильно. - М.: Наука, 1972. - 182 б.
3. Мурзакметов А.К. Сөз атасы өлбөсүн . - Б., 2021. - 376 б.
4. Речевое воздействие. Проблемы прикладной психолингвистики. / Под ред. А.А. Леонтева. - М., 1972. - 40-б.
5. Рысбаев С. Сөз жөнүндө сөз. Оңдолгон, толукталган, кайра басылган. - Бишкек: Турар, 2017. - 180 б. - 99-б.
6. Кошматова Ж.Ж., Саматова А.А., Шеров Ш.Б., Эргешали кызы А. Влияние слов на здоровье и сознательные достижения детей. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 6. С. 306-309.
7. Кошматова Ж.Ж., Саматова А.А. Категории эмоциональности и экспрессивности в языке. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 334-336.
8. Хуршуд Джалил гызы Исмаилова культура речи и ораторское искусство. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 1. С. 190-192.